Балдарды Коргоо Борбору

Brot für die Welt



# Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланууга карата маалыматтык китепче

***Жөлөкпулдарды алуу жана балдарды бала бакча, мектепке орноштуруунун жол жоболору тууралуу маалыматтар***

Бишкек 2022

**Кыргыз республикасында социалдык коргоо багытында жөлөкпулдардын төмөндөгүдөй түрлөрү каралган:**

1) Бала төрөлгөндө бир жолу берилүүчү төлөм - "балага сүйүнчү";
2) 16 жашка чейинки балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ай сайын берилүүчү жөлөкпул- «үй-бүлөгө көмөк»
3) Пенсиялык камсыздандырууга укугу жок жарандарга ай сайын берилүүчү жөлөкпул – «социалдык жөлөкпул»
4) Ата-энесинин экөө тең белгисиз болгон балдарга ай сайын берилүүчү жөлөкпул

**Бала төрөлгөндө бир жолу берилүүчү сүйүнчүнү алуу жеңилдеди.**

Ага ылайык, Мамлекеттик каттоо кызматы, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, Борбордук казыначылык жана банктар ортосундагы маалымат алмашуу автоматтык түрдө жүргүзүлөт.

Балага сүйүнчү алам дегендер эми банкка жеке эсеп ачуу үчүн кайрылбайт. Анткени банктар бул төлөмдөрдү аткаруу үчүн транзиттик банктык эсептерди ачат. Эми "балага сүйүнчүнү" банктын каалаган филиалынан, арыз жазган аймагына карабастан ала алат.

Арыз жазган кишиге банктагы эсепке акча түшкөнү боюнча смс билдирүү келет.

Балалуу болгон үй-бүлө арызды Жарандык никени каттоо бөлүмдөрүнө (ЗАГС) же Калкты тейлөө борборуна жазса болот.

Эскерте кетсек, 2018-жылдын 1-январынан тарта "Мамлекеттик жөлөк пулдар жөнүндө" мыйзамдын "Балага сүйүнчү" пункту ишке кирген. Ага ылайык, январь айынан баштап төрөлгөн бардык ымыркайга 4000 сом өлчөмүндө акча берилип баштаган. Ал эми үч эм жана андан ашык бала төрөлгөн учурда ар бир балага 50 миң сомдон сүйүнчү берилет.

## 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) “үй-бүлөгө көмөк” ар айлык жөлөкпул

### «Үй-бүлөгө көмөктү» төмөндөгүдөй үй-бүлөлөр ала алат:

• 16 жашка чейинки балдары бар;

• Үй-бүлөнүн бир айлык жалпы кирешесин үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө бөлгөндө 1000 сомдон аз болгон үй-бүлөлөр.

### «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун дайындоо үчүн кайда кайрылуу керек?

“Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун дайындоо үчүн фактически жашап турган аймактагы эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын бөлүмүнө кайрылуу керек, мында паспорттогу катталган жери мааниге ээ эмес.

### «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун дайындоодо кайсы кирешелер эсепке алынат?

**«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун дайындоодо:**

– айлык акы, стипендия;

– ишкердик ишинен түшкөн кирешелер (салык органдарынын маалымкатынын негизинде);

– жерди, үйгө караштуу участокту иштетүүдөн, мал чарбасынан түшкөн кирешелер (айыл өкмөтүнүн маалымкатынын негизинде) жана башкалар эске алынат.

### «Үй-бүлөгө көмөк» дайындоодо кайсы кирешелер эсепке алынбайт?

«Үй-бүлөгө көмөк» дайындоодо төмөнкү кирешелер эске алынбайт:

– пенсиянын бардык түрлөрү;

– мамлекеттик социалдык жөлөкпулдар;

– сөөк коюу үчүн жөлөкпулдар;

– кош бойлуулук жана төрөт боюнча алынган жөлөкпулдар;

– жумушсуздук боюнча жөлөкпулдар жана башкалар.

## «Үй-бүлөгө көмөк» дайындоодо мал-жандыктары жана транспорт каражаттары кандай эсепке алынат?

## Эгерде үй-бүлөдө төмөндөгүлөр бар болсо  жөлөкпул дайындалбайт:

- иштеген абалдагы:

– заводдон чыккандан кийин 20 жылдан аз колдонулган, ошондой эле даярдоочу завод чыгарган жылды кошкондо 20 жылдан ашык колдонуу мөөнөтү менен, кыймылдаткычынын 2000 жана андан ашык куб сантиметрдеги иш көлөмү бар жеңил автомашина (2 жана андан ашык литр);

– (трактор, комбайн);
– оор жүк ташуучу автомобиль;
– микроавтобус.

- Үй-бүлөдө болгон айыл чарба жандыктары уй-койдун (майда жандык)   шарттуу бирдиктерине которулгандан кийин, алардын санын үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө бөлгөндө 4 төн көп болсо:

| | |
|---|---|
| 1 уй = 6 баш эчки же кой | 1 өгүз = 6 баш майда жандык |
| 1 кунажын = 4 баш майда жандык | 1 жылкы = 7 баш  майда жандык |
| 1 торпок = 2,5 баш майда жандык | 1 бука = 8 баш майда жандык |

***Мисалы:***

*5 адамдан турган үй-бүлөдө:*
*1 уй, 1 кунажын, 3 кой бар болсо, Анда эсептеп көрөлүк:*
*1 уй= 6 майда жандык, 1 кунажын=4 майда жандык*
*Баары:  6+4+3=13 кой-эчки болду*
*Үй-бүлөнүн бир адамына туура келет:*
*13 майда жандыкты 5ке бөлсөк  киши башына 2,6 майда жандык туура келип калды, демек, төрткө жеткен жок, башка киреше жок болсо жөлөк пул дайындалат*

***Балдары бар жана жөлөкпулга муктаж болгон үй-бүлөнүн муктаждыгы эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыктарынын адистери тарабынан текшерилет.***

## «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулу кандай өлчөмдө дайындалат

«Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулунун өлчөмү ар бир балага 810 сомду түзөт, азыркы учурда аны дагы 300 сомго көтөрүү каралууда.
Эгерде үй-бүлө райондук коэффициенттер белгиленген бийик тоолуу, алыскы же жетүүгө кыйын жерде жашай турган болсо, анда жөлөкпул коэффициенттерди эске алуу менен төлөнөт.

## «Үй-бүлөгө көмөк» дайындоо үчүн кайсы документтер керек

- паспорт;
- факт түрүндө жашаган жеринен үй-бүлө курамы тууралуу маалымкат;
- балдардын төрөлгөндүгү тууралуу күбөлүк;
- үй-бүлөнүн жыйынды кирешеси тууралуу маалымат;
- банктык маалым даректер.

## Керек болгон учурда кошумча берилет:

- эмгекке жөндөмдүү, бирок жумушсуз үй-бүлө мүчөлөрү үчүн иш менен камсыз кылуу органынан маалымкаттар;
- жердин өлчөмүн жана түшүмдүүлүгүн көрсөтүү менен үлүш жердин бардыгы тууралуу маалымкат;
- мал чарбасынын түрү жана саны тууралуу маалымкат;
- статусту же кирешени тастыктоо үчүн зарылдыгына жараша башка документтер

## «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулун дайындоо тууралуу арыз менен ким кайрыла алат:

Ата-эненин бири (же камкорчу). «Үй-бүлөгө көмөк» бардык документтер берилген айдан кийинки айдын биринчи числосунан тартып 16 жашка чыга элек балдарга бир жылдык мөөнөткө дайындалат.

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ** !!! Эгерде бала толук мамлекеттин камсыздоосунда болсо, анда ага жөлөкпул дайындалбайт.

### Үй-бүлөгө чектелген «үй-бүлөгө көмөк» жөлөк пулун кайдан алса болот:

– «Үй-бүлөгө көмөк» банк аркылуу, ал эми банк жок болгон калк отурукташкан пункттарда почта бөлүмдөрү аркылуу төлөнөт.

### "Үй-бүлөгө көмөк" дайындалгандан кийин үй-бүлөдө болгон өзгөрүүлөр тууралуу маалымдоо керекпи?

**Ооба, "үй-бүлөгө көмөк" алган үй-бүлөлөр өзгөрүүлөр болгон күндөн тартып беш күндүн ичинде эмгек жана социалдык өнүгүү органдарына маалымдоого тийиш, эгерде:**

– үй-бүлөнүн кирешеси өзгөргөн болсо;
– үй-бүлөнүн курамы өзгөрсө;
– үй-бүлө туруктуу жашоо үчүн республиканын чегинен тышкары көчүп кетсе;
– жөлөкпул алуучу каза болгон учурда;
– же башка шарттарда.

Муну менен катар, жөлөкпулду негизсиз дайындоого алып барган жагдайлар болгондугу тууралуу өз убагында кабар бербеген үй-бүлөгө "үй-бүлөгө көмөктү" төлөө бул факты аныкталган учурдан тартып токтотулат.

Мыйзамсыз берилген акча каражаттары республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш, ал эми "үй-бүлөгө көмөктү" жаңы дайындоо тууралуу арыз 12 ай ичинде кабыл алынбайт.

**Кошумча жеңилдик:**

16 жашка чейинки балдары бар, "үй-бүлөгө көмөк" мамлекеттик жөлөк пулун алган муктаж жарандар (үй-бүлөлөр) үчүн электр энергиясына тариф 2022-жылдын 1-январынан тартып айына 700 кВт/саатка чейин керектегенде бир кВт/саат эл жарыгы үчүн 50 тыйын өлчөмүндө акы төлөшөт.

## "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун дайындоо жана төлөө менен байланышкан талаштарды кантип чечүүгө болот

**Эгерде Сиз:**

- жөлөкпул дайындоодон үй-бүлөгө негизсиз баш тартылды;
- жөлөкпул туура эмес дайындалган;
- жөлөкпул төлөө өз убагында жүргүзүлбөйт деп эсептесеңиз, анда, Сиз арыз менен жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жана шаардын мэриясына караштуу мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоо жана төлөө тууралуу жарандардын арыздарын жана даттанууларын карап чыгуу боюнча комиссияга кайрылууңуз керек.

Эгерде Сиз комиссиянын чечими менен макул болбосоңуз, анда Сиз Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине кайрылсаңыз болот.

Эгерде Сиз даттанууңузду караган органдардын чечими менен макул болбосоңуз, Сиз кабыл алынган чечимге сот аркылуу да даттанууга укугуңуз бар

### Сизди кызыктырган бардык маселелер боюнча төмөнкү органдарга кайрыла аласыз:

- жашаган жери боюнча эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгына;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин коомдук кабылдамасына тел. 66-01-07 аркылуу;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин маалыматтык сайтына: www.mlsp.gov.kg

### Социалдык жөлөкпулга ким укуктуу жана кандай өлчөмдө чектелет?

**Жарандар пенсия менен камсыз кылууга укугу жок болгондо:**

- 18 жашка чейинки балдар : белгиленген майыптыгы бар – 8 000 сом ;
- ВИЧке же СПИДге чалдыккан энелерден төрөлгөн балдар -8000 сом
- ВИЧ-инфекциясы бар же СПИД менен ооругандар – 8000 сом;

- ВИЧ/СПИД менен ооруган энелерден туулган балдар, алар 18 айга толгонго чейин – 6000 сом.:
- баккан адамынан ажыраганда – 2000 сом.;
- ата-энесинин экөө тең белгисиз же жетим балдарга – 6000 сом.;
- майыптыгы белгиленген чоң кишилер:

I топ – 8000 сом
II топ – 6 600 сом
III топ – 5 400 сом

- пенсия курагындагы баатыр энелер – 2000 сом;
- *улгайган жарандар – 1000 сом*

Бийик тоолуу жана алыскы зоналарда жашаган адамдарга жөлөкпулдар белгиленген коэффициенттерди колдонуу менен төлөнөт.

## Социалдык жөлөкпулдар үй-бүлөнүн кирешесине карабастан чектелет.

Ар айдагы социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрү мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүнө жана экономиканын абалына таянуу менен кайра каралат.

## Социалдык жөлөкпулду чектөө үчүн кайда кайрылуу керек?

Жашаган (катталган) жер боюнча райондук (шаардык) эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыктарына арыз менен кайрылуу зарыл.
**Эгерде Сиздин үй-бүлө мүчөңүздүн ар айдагы социалдык жөлөкпулдардын ар кандай түрлөрүнө укугу бар болсо, анда анын тандоосу боюнча бирөө гана чектелет.**
Чектелген жөлөкпулдардын башка түрлөрүнө карабастан чектеле турган баккан адамынан ажырагандыгы боюнча жөлөкпулдан тышкары.
Жөлөкпулдар почта бөлүмдөрү же банк аркылуу төлөнөт.

**Социалдык жөлөкпулду чектөө үчүн зарыл документтер:**

- ким экенин тастыктаган документ;
- арыз;
- иш жүзүндө жашаган жери жөнүндө маалымкат

## Зарылчылык болгон учурда кошумча түрдө (конкреттүү учурга жараша) төмөнкүлөр берилет:

- майыптыгы бар тууралу МСЭКтин маалымкаты;
- балдардын туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрүнүн көчүрмөлөрү;
- пенсияга укугу жок экендиги жөнүндө Социалдык фонддон маалымкат;
- баккан адамынын каза болгондугу жөнүндө күбөлүк;
- аймактык СПИД бирикмесинин маалымкаты;
- баатыр энении күбөлүгү.

## Ар айдагы акчалай жөлөкпулду чектөөдө арыз ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жөлөкпул чектөө үчүн документтерди берүүдө толук жана ишенимдүү маалыматтарды берүүгө;
- документтерди берүү мөөнөттөрүн сактоого.

Эгерде мамлекеттик жөлөкпулду алуу үчүн Сиз билип туруп жалган маалыматты берсеңиз же үй-бүлөдөгү кырдаал өзгөргөндүгү жөнүндө өз учурунда билдирбесеңиз, бул факт табылган учурдан тартып жөлөкпул төлөө токтотулат.

## Ар айдагы жөлөкпулду чектөө жана төлөө менен байланышкан талаштарды кантип чечүү керек?

**Эгерде Сиз:**

- үй-бүлөгө жөлөкпулду чектөөдөн негизсиз баш тартышса;
- же жөлөкпул туура эмес чектелсе;
- же жөлөкпул төлөө өз учурунда жүргүзүлбөй жатат деп эсептесеңиз.

Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө жана төлөө жөнүндө жарандардын даттануулары жана арыздарын карап чыгуу боюнча райондук (шаардык) администрациянын комиссиясына арыз менен кайрыла аласыз.

Эгерде Сиз комиссиянын чечимине макул болбосоңуз, анда Сиз Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлигине кайрылууга тийишсиз.

Эгерде Сиздин даттанууңузду караган органдардын чечимине Сиз

макул болбосоңуз, Сиз кабыл алынган чечимге сот тартибинде даттануута укуктуусуз.

## Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга санаториялык-курорттук дарылануута жолдомолорду алуу тартиби кандай?

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар социалдык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан санаториялык-курорттук дарылоого жолдомолор менен төмөнкүдөй жеңилдикте камсыз кылынат:

– I топтогу майыптарга – 5 жылда бир жолу акысыз; I топтогу майыпты коштогон адамга медициналык көрсөтүүлөргө ылайык, – 50 пайыздык жеңилдетүү менен;
– II топтогу майыптарга – 5 жылда бир жолу 50 пайыздык жеңилдетүү менен;
– III топтогу майыптарга – 5 жылда бир жолу 30 пайыздык жеңилдетүү менен.

Жолдомо алуу үчүн жашаган жери боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгына төмөнкү документтер берилет: – жолдомо алууга жеке арыз;
– күбөлөндүрүү актысынын көчүрмөсүн жана майыптуулук тобу жана аны дайындоо мөөнөтүн көрсөтүү менен медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын маалымкатынын көчүрмөсү;
– сунуш кылынган курорттун аталышын көрсөтүү менен санаториялык-курорттук дарылануу үчүн саламаттык сактоо уюмдарынан медициналык көрсөтүүлөрдүн бар экендиги жөнүндө белгиленген формадагы маалымкат;
– санаториялык-курорттук мекемеде коштоп жүрүү зарыл болгон учурда I топтогу майып үчүн саламаттык сактоо уюмунун корутундусу;
– психикасы бузулгандыгы боюнча майыптуулугу бар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга санаториялык-курорттук дарылануусу үчүн психиатрдын корутундусу;

## Билим берүү мекемелерине балдарды орноштуруунун жол жобосу

| Бала бакчага орноштуруу | |
|---|---|
| Бишкек шаарынын муниципалдык бала бакчаларына кабыл алуунун тартиби | Ата-энелер райондук билим берүү борборлоруна баласын кезекке коюу тууралуу арызын жазышат. Арыз бергендерди кабыл алуу жандуу кезекке туруу аркылуу болот. Баланы бала бакчага алууга райондук билим берүү борборунун директору кол койгон жана мөөрү басылган багыттама (путевка) негиз болуп берет. |
| Зарыл болгон документтер | Кезекке туруу үчүн документтер:<br>● Ата-энесинин арызы (мыйзамдуу өкүлдөрү);<br>● Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү<br>● Ата-энесинин биринин паспорту<br>● Жеңилдик алууга укугу болсо аны тастыктаган документ<br>● (аныктама, күбөлүк ж.б.у.с.)<br>Багыттама алгандан кийинки бала бакчага берилүүчү документтер:<br>● Ата-энесинин арызы (мыйзамдуу өкүлдөрү);<br>● Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн көчүрмөсү<br>● Ата-энесинин биринин паспорту<br>● Жеңилдик алууга укугу болсо аны тастыктаган документ<br>● (аныктама, күбөлүк ж.б.у.с.)<br>● Ф-26, Ф-63 үлгүлөрүндөгү мед аныктама ;<br>● Бала бакчага баланы алып жаткан учурдагы саламаттыгы тууралуу аныктама |
| Арыз берүүнүн мөөнөтү | Райондук билим берүү борборлору балдарды электрондук кезекке каттоону жыл бою 2- жана 4- күндөрү саат 9.00 дөн саат 17.00 гө чейин жүргүзүшөт |

| | |
|---|---|
| | Бала бакчага биринчи кезекте киргизилет:<br>• 5 жана андан көп балдары бар үй-бүлөнүн балдары;<br>• 1, 2 топтогу майыптардын балдары;<br>• Ата-энесиз калган жетим жана жарым жетим балдар;<br>• Аскердик кагылышууга катышкандардын балдары; (2010-жылдагы апрель окуяларынын курмандыктары жана ага катышкандардын балдары)<br>• Камкордукка алынган балдар<br>• Бала бакчанын кызматкерлеринин балдары<br>• Бишкек шаарындагы бюджеттик мекемелердин кызматкерлеринин балдары |
| **1-класска кабыл алуу** | |
| Бишкек шаарында | Баланы 1-класска каттоо үчүн электрондук арыз берүү керек.<br>Ал үчүн mektep.edu.gov.kg сайтына кирүү керек. Ал жерде арызды кандай толтуруу тууралуу көрсөтмө бар. Аны так сактоо керек. Кызмат көргөзүү акысыз. Алты жашка толгон балдар кабыл алынат. Жогоруда көрсөтүлгөн сайт аркылуу кичи участок жана окутуунун тили боюнча мектепти да тандап алсаңар болот. Арызды ата-энеси же камкорчу жазат. Мектепти кичи участокко карабай эле тандап алсаңар болот. |
| Арыз берүүнүн мөөнөтү | Арыздарды кабыл алуунун 1-этабы 11-апрелден июндун  акыркы жумасына чейин жүргүзүлөт.<br>2-этабы июндан август айынын акырына чейин созулат. Арызды көп созбой кабыл алуу башталгандан тартып жазуу сунушталат. |

| | |
|---|---|
| Зарыл болгон документтер | • Бул ирет система сизден бир нече документтин сүрөтүн (тиркемесин) сурабайт. Паспорттун көчүрмөсүн, баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн, жашаган жеринен маалым катты тиркөөнүн кереги жок. Болгону ата-энесинин биринин жана баланын документте жазылган маалыматтарын терүү керек. Андан соң атасы же апасынын жана баланын ПИН номерин көрсөтүү зарыл. Бул учурда биринчи этап менен кирчүлөргө система көрсөткөн дарекке ылайык мектепти автоматтык түрдө чыгарат. |
| **Башка мектепке, класстарга кабыл алуунун тартиби (2-11 класс)** | |
| | Балдарды 2-11-класстарга кабыл алуу мектептин уставы жана лицензиялык шарттарына жараша бош орундардын болушуна жараша жүргүзүлөт алынат |
| | • Ата-энесинин/камкорчунун арызы<br>• Окуучунун өздүк баракчасы<br>• Аттестациядан (чейректин жыйынтыгы) өткөндүгү тууралуу бала келген мектептин мөөру басылган аныктама<br>• Медициналык картасы (Ф-26, Ф-63);<br>• Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн же паспортунун көчүрмөсү<br>• Ата-энесининин биринин/ камкорчунун паспортунун көчүрмөсү<br>• Баланын жашаган жеринен аныктама<br>• Мектепке баруу алдындагы баланын саламаттыгы тууралуу аныктама |
| **Райондук билим берүү борборлорунун байланыш телефондору** | |
| (0312) 57-70-89 Октябрь району;<br>(0312) 65-68-93 Ленин району;<br>(0312) 68-80-79 Свердлов району;<br>(0312) 66-06-89 1-май району. | |

## Эскертүү!

Мектепке электрондук каттоо быйыл эки этап менен жүргүзүлмөй болду. Юридикалык жашаган жери боюнча каттоо 11-апрелде башталып, июндун соңку жумасында бүтөт. Бул биринчи этап. Мисалы: эгер сиздин паспорттук каттооңуз Нарын же Ошто болсо, анда баланы Бишкектеги мектепке 1-этап менен каттай албайсыз. Алгач мектепке каттоосу ошол шаарда болгондор гана киргизилет. Бул жерде микро-участок да эске алынат. Бишкекте катталсаңыз дагы, сиз каалаган мектеп менен катталган районуңуз дал келиши керек. Демек, сиз балаңызды мындай шартта 1-этап менен каттай албайсыз. Экинчи этап июндан башталып август айынын аягына созулат.

## Экинчи этапка чейин сиз каалаган, жактырган мектепте бош орун калбаса эмне кылуу керек?

Үйүңүзгө жакын жердеги мектептен орун калбай калса, анда балаңызды жакыныраак, бош орун калган башка мектептерге гана бере аласыз .

## Зордук зомбулукка дуушар болгондор кайда кайрылса болот

| | |
|---|---|
| **Эгерде сизге, сиздин жакындарыңызга, тааныштарыңызга карата зордук зомбулук же укук бузуулар болсо же өзүңүз мындай жагдайларга күбө болсоңуз** | КР ИИМ коомдук тартипти сактоо кызматы 102<br>ГУВД г. Бишкек: **(312)-43-71-75**<br>WhatsApp номер ГУОБДД МВД КР: **(706)- 63-09-00**<br>WhatsApp номер ГУВД Бишкека: **(708)-10-20-00**<br>Дежурные части ГУВД г.Бишкек: **(312)-43-71-68, (312)-43-71-75**<br>Свердлов райондук ИИБ : **(312)-43-28-15, (312)-43-32-75**<br>Ленин райондук ИИБ: **(312)-35-29-47, (312)-35-26-05**<br>Октябрь райондук ИИБ: **(312)-54-41-84**, ишеним телефону: **(312)-54-41-16**<br>1-май райондук ИИБ: **(312)-56-60-43, (312)-56-32-48** |

| | |
|---|---|
| **Эгерде балаган карата зордук зомбулук болсо же ага алып баруучу абал түзүлсө бул тел номерлерге чалыңыз:** | Эмгек социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги 111<br>Зордук зомбулуктан жана катаал мамиледен жабыр тарткан балдарга жардам берүү борбору Бишкек ш: **(312)-44-25-10, (312)-54-29-34**<br>Балдарды Коргоо Борбору КБ Бишкек ш: **(312)-45-06-34, (312)-45-07-62** |
| **Эгерде аялга карата зордук зомбулук болсо же ага алып баруучу абал түзүлсө бул тел номерлерге чалыңыз.** | Эмгек социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ишеним тел 117<br>«ШАНС» КБ Бишкек ш: **(312)-61-32-37, (0709)-71-03-20**<br>«Сезим» КБ Бишкек ш : **(0312)-51-26-40, (312)-31-64-66** |

**Маанилүү !**

● Эгерде зордук зомбулук боюнча кошумча жардам зарыл болсо Акыйкатчыга чалыңыз 115

● Сиз бир эле маалда жогоруда көрсөтүлгөн телефон номерлерине чалып кайрылууга акыңыз бар.

Бул маалыматтык буклет Bread for the World (BftW) аттуу эл аралык уюмдун каражаттык колдоосу менен чыгарылды. Буклеттеги берилген маалыматтар “Балдарды Коргоо Борбору” коомдук бирикмесинин жоопкерчилигинде болуп, Bread for the World (BftW) дун көз карашын чагылдырбайт.


«Балдарды Коргоо Борбору» КБнин
байланыш тел.: 0(312) 45 06 34
Дареги: Бишкек шаары, Астрахан көчөсү, 31
www.streetchild.ktnet.kg
Балдарды коргоо Борбору - Центр Защиты Детей

cpc.kyrgyzstan
cpc.kyrgyzstan@gmail.com
www.streetchild.ktnet.kg
cpc.kyrgyzstan